**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ, А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨ ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 23.20.611 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Кол жазма укугунда
УДК: 316. 344.8

**КАМЧИБЕКОВА САИПЖАМАЛ МОЛДОШОВНА**

# ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮН АБАЛЫ ЖАНА КЕЛЕЧЕГИ: СОЦИОЛОГИЯЛЫК ӨҢҮТТӨ

**22.00.04** – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер

Социология илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек 2022

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Социалдык иштер кафедрасында даярдалды

| | |
|---|---|
| Илимий жетекчиси: | **Исаев Кусеин** - философия илимдеринин доктору, профессор |
| Расмий оппоненттери: | **Омуралиев Нурбек Ашымканович** - социология илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Укук философиясы жана социалдык-саясий изилдөөлөр институтунун Социалдык изилдөөлөр борборунун жетекчиси |
| | **Мусаева Айгуль Каныбековна** - социология илимдеринин кандидаты, Жусуп Абдрахманов атындагы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясынын Мамлекеттик башкаруу жана укук кафедрасы |
| Жетектөөчү мекеме: | Муса Адышев атындагы Ош технологиялык университетинин Коомдук илимдер кафедрасы, Ош шаары, Н. Исанов көчөсү -81 |

Диссертациялык иш 2022-жылдын 31-мартында саат 14.00 Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы Философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу уюштурулган саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө диссертацияларды коргоо боюнча Д 23.20.611 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а, 1 кабат, диссертациялык залы.
Онлайн коргоо трансляциясынын маалыматтары:
https://vc.vak.kg/b/ds7-c76-2wu-bdm

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын борбордук китепканасынан (дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а, 1 кабат), Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (720033, г.Бишкек, ул. Жибек Жолу просп., 394, 8-корпус, 1 кабат) жана Диссертациялык кеңештин naskr.kg сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2022-жылдын 28-февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**саясий илимдеринин доктору, доцент** **Ч.Ш. Абдыраманова**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугу.** Көп улуттуу Совет өлкөсүнүн кыйрашы менен жана XXI кылымдын негизги чакырыгы болгон ааламдашуу процесси советтик иденттүүлүк менен бириккен ар бир улут үчүн өзүнүн этностук, жарандык, социомаданий ж.б. иденттүүлүктөрүн аныктоо зарылдыгын пайда кылды. Постсоветтик мейкиндикте жаңыдан пайда болгон ар бир өлкө жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу багытында изденип, мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-аракеттерди, окумуштуулар илимий изилдөөлөрдү жасап жатышат.

Азаттыкта жашоо жана аламдашуу процесстери адамдардын турмуштагы пайдубалдык баалуулуктарынын, максаттарынын жана бүтүндөй жашоо образынын трансформацияланышына алып келди. Мындай коомдун өнүгүү багытынын өзгөрүшү, өз кезегинде, анда «эски» жана «жаңы» түшүнүктөрүнүн карама-каршылыгын курчутту. Иденттүүлүктө да советтик иденттүүлүк эски катары жоюлуп, “Кыргыз жараны” иденттүүлүгү жаңы катары калыптана баштады.

Өлкөбүздүн ушул түрдүү тарыхый окуяларга бай өнүгүү жолунда таасири мамлекеттин өнүгүү векторун ондогон жылдарга аныктоочу, позитивдик жана негативдик мүнөздөгү, терең социалдык-саясий, экономикалык, маданий процесстер жүрдү. Ошолордун бири иденттүүлүк маселеси менен байланышта, б.а. калыптануу процесси аяктай элек жарандык, улуттук ж.б. иденттүүлүктөр, улуу жана жаш муундун ортосунда иденттүүлүк түшүндүктөрүндө муундар аралык айырмачылыктар. Жогоруда белгиленгендей, азыркы учурда совет доорунда күчтүү коммунисттик идеология, жогорку деңгээлге турган эски «советтик иденттүүлүк» бүгүнкү күндө өз күчүн жоготуп, «идеологиялык вакуум» пайда болду. Мындай кабыл алынган бирдиктүү улуттук идеологиянын жоктугунан калкта, айрыкча жаштардын арасында, түрдүү иденттүүлүктөр калыптанууда. Анткени, идеологиялык боштукту ааламдашуу процессинин таасири менен кирген, элдин табиятына жат батыштык, диний жана башка түрдүү көз караштар толтурууда. Бул абал этникалык чөйрөдө мамлекеттик саясаттын эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана элдин биримдигин бекемдөө максатында 2020-жылдын ноябрь айында жаңы расмий документтин – КРда 2021-2026 жылдарда “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү Концепциясынын [“2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясы”// “Эркин тоо” гезити. – Бишкек, “Эркин тоо” 2020-ж., №98 (3170) 4-5-беттер] кабыл алынышына алып келди.

Иденттүүлүк түшүнүгү 1960-жылдардан тартып илимий чөйрөдө теориялык жактан жигердүү изилденип баштаган. Ааламдашуу шартында бул маселе кайрадан теориялык жана эмпирикалык жактан актуалдуулугу жогорулады. Иденттүүлүк маселеси дүйнө окумуштуулары ар тараптуу изилдегенине карабастан кыргыз коомунда жарандык иденттүүлүктүн азыркы учурга чейин жетиштүү деңгээлде иликтенбеген, айрыкча, этностук кесилиште

салыштырып талданган эмес. Кыргызстандын тургундарынын жарандык иденттүүлүк түшүнүгү, иденттешүүсү эски советтик иденттүүлүктөн өзгөрүп, жаңыдан “Кыргыз жараны” иденттүүлүгүнүн калыптанышы; ага таасир кылган факторлор жана шарттар, азыркы калыптанган ортолуктагы иденттүүлүк натыйжалары илимий негизде талданып, изилдениш керек. Жарандык иденттүүлүктүн көрсөткүчтөрү катары мекенчилдиктин, мамлекеттик тилдин, диндин ж.б. бүгүнкү күндөгү биздин коомубуздагы абалын аныктоо чоң мааниге ээ.

Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүк маселеси, анын калыптанышы, абалы жана келечеги этностук кесилиште алгачкы ирет комплекстүү каралып, терең изилденип жатышы, ошондой эле коомдогу мекенчилдик, улуттук, жарандык, тилдик, диний иденттүүлүктөр маселелеринин чечмелениши каралып жаткан теманын актуалдуулугун көрсөтөт. Иденттүүлүктүн деңгээли Кыргызстан сыяктуу полиэтникалык мамлекет үчүн өлкө биримдиги жана мамлекеттүүлүктү сактоо маселелери менен тыгыз байланыштуу.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертациялык иш автордун демилгелик изилдөө иши. Бирок, илимий изилдөө ишинин натыйжаларын, илимий-практикалык тыянактарын жана коргоого алып чыгып жаткан жоболорун Кыргыз Республикасынын кайрадан иштелип жаткан улуттук өнүгүү, өнүктүрүү программаларын, стратегияларын, концепцияларын ж.б. документтерди иштеп чыгууда пайдалануу мүмкүн. Ошондой эле, “2021-2026-жылдары Кыргыз Республикасында кыргыз жараны деп жарандардын өзүн таануусун өнүктүрүүнүн концепциясын” жана “Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдарга мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана тил саясатын өркүндөтүүнүн программасын” ишке ашыруу, аларга мониторинг жүргүзүү менен тыгыз байланышта.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** туруктуу кыргыз мамлекетин курууга, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо болуп саналат.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрүн социалдык билимдердин алкагында каралышын талдоо;

2. жарандык иденттүүлүк маселеси, анын теориялык негиздери чет элдик жана кыргызстандык адабияттардын алкагында карап чыгуу жана талдоо;

3. азаттык мезгилинде коомдогу жарандык иденттүүлүктүн маанилүү компоненттерин, алардын калыптанышын жана абалын иликтөө;

4. ааламдашуу шартында коомдогу кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүндөгү этностук өңүттөрүн талдоо;

5. кыргыз коомундагы жарандык иденттүүлүктүн абалынын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо;

6. Кыргыз жараны иденттүүлүгүн калыптандырууга багытталган теориялык жана практикалык корутундуларды, сунуштарды иштеп чыгуу.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы.** Кыргызстанда социология илиминде алгачкы жолу жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы социологиялык өңүттө изилденди:

- социалдык билимдердин алкагындагы иденттүүлүккө жана иденттешүүгө болгон теориялык көз караштар талданып, системалаштырылды;
- жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу, өнүгүү багыттары жана адамдагы инсандык, социалдык, жарандык иденттиктер жаңы көз караштa каралды;
- кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер (тили, маданияты, мекенчилдик салттары) боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү;
- республикада жашаган негизги этностордун “Кыргыз жараны” иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары социологиялык жактан изилденди;
- кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты биринчи жолу изилденип, этностук кесилиште талданды;
- кыргыз жараны иденттүүлүгүнүн коомдун трансформация шартындагы өзгөрүү тенденциялары, себептери жана натыйжалары аныкталды;
- ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүнүн мамлекеттүүлүктү бекемдөөдөгү, калктын биримдигин камсыздоодогу орду жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана зарылдыгы кеңири талдоого алынды.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөлөрдүн натыйжалары жарандык иденттикти өнүктүрүүнүн заманбап тенденцияларын эске алуу менен этностордо кыргыз жараны иденттигин өркүндөтүү боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүндүк берет. Бул сунуштар жалпы жарандык иденттүүлүктү өнүктүрүүнүн мамлекеттик, аймактык жана жергиликтүү иш-чараларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Жарандык иденттешүүнүн жүрүшүн аныкталган мыйзам ченемдүүлүктөрү жана тенденциялары келечек муунда мекенчилдик баалуулуктарын, салттарын тарбиялоо боюнча мамлекеттик бийлик менен түрдүү коомчулуктардын, ыктыярдуу, коммерциялык эмес уюмдардын, башка жарандык кыймылдар, демилгечил топтордун ортосунда карым-катнашты орнотууга көмөктөшөт. Алынган тыянактарды социалдык жана гуманитардык циклдеги сабактарды окутууда да колдонууга болот.

**Алынган натыйжалардын экономикалык маанилүүлүгү** диссертациялык изилдөөдөгү жалпы жарандык иденттүүлүктү изилдөөдөгү, өнүктүрүүдөгү жана этностук топтордун арасында жайылтуу иштериндеги кеңири пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү көрсөтүлгөн. Аталган максаттарды жүзөгө ашырууда мамлекеттик жана коомдук институттар тарабынан иш-чараларга каралган каражаттар жетиштүү. Бирок, илимий-практикалык сунуштарды иштеп чыгуу боюнча илимий изилдөөлөргө каралган каражаттын жетишсиздигин көрүнүп турат.

**Коргоого сунушталуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1. Жалпы жарандык иденттүүлүк (бирдейлик) жарандык улуттун калыптанышынын өзөгүн түзгөн негизги категория.

2. Кайсы бир иденттүүлүктүн бошоңдошу зарыл түрдө экинчи бир иденттүүлүктүн жаралышына, жанданышына өбөлгө болот. Кыргызстанда советтик иденттүүлүктүн бошоңдошу менен улуттук иденттүүлүк күчтөндү.

3. Кыргыз коомунда, муундардын кесилишинде караганда, улуу муундарда жарандык кош иденттүүлүк, тактап айтканда, «советтик» жана «улуттук» иденттүүлүк, сакталса, ал эми жаштарда жарандык бир иденттүүлүккө тартылуу орун алып, кыргыз жараны иденттүүлүгү калыптанууда.

4. Кыргыз улутунда иденттүүлүктүн аскриптивдик абалы, тубаса иденттүүлүк, басымдуулук кылат, башкача айтканда, жарандык иденттүүлүккө караганда уруулук аң-сезимге негизделген уруулук иденттүүлүк үстөмдүү.

5. Кыргызстандын башка негизги этностук топторунда жарандык иденттүүлүктүн деңгээли төмөн болуп, кош иденттүүлүк сакталууда. Тактап айтканда, чет жакта мамлекеттүүлүгү болгон этностук топтордо, белгилүү деңгээлде, ошол мамлекеттер менен да өздөрүн жарандык иденттештирүү калыптанган. Бул аларда кош жарандык иденттүүлүктүн сакталышына шарт түзүүдө. Демек, Кыргызстанда калктын жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн деңгээли төмөн, бул жарандык улут андагы бардык этносторду камтый электигинен байкалууда.

6. Кыргыздардын азыркы учурда жарандык иденттүүлүктүн орчундуу көрсөткүчтөрү болуп саналган мекенчилдик салттарында жана тилде, совет мамлекетинин кыйрашы менен жаралган, кризисттик абал сакталууда.

7. Кыргызстанда жалпы жарандык иденттүүлүктүн деңгээли төмөн болгондугу мамлекеттин туруктуулугуна түздөн-түз залакасын тийгизип жатат. Жарандык иденттүүлүктү, демек, жарандык улутту калыптандыруу боюнча практикалык иштер (мамлекеттик саясат) анын идеологиялык (теориялык) негизин түзүү менен коштолуш керек.

**Изденүүчүнүн жеке салымы.** Бирок, автор бир катар изилдөө проекттердин чегинде социологиялык иликтөөлөргө катышкан. Атап айтсак, КРнын БжИМ ИжИТС башкармалыгынын грантык каржылоосу менен жүргүзүлгөн: 1) «Цивилизация шартында түрк дүйнөсүндөгү калктардын социалдык иденттүүлүгү: Кыргызстандын мисалында» аттуу долбоордун негизинде 2012-2013-жылдары жүргүзүлгөн социологиялык изилдөөлөр; 2) “Кыргыз Республикасындагы жалпы жарандык иденттүүлүк маселелери” 2014-2015-жылдары; автор алган тажырыйбасын колдонуу менен 2016-жылы диссертациянын темасы боюнча өзү жүргүзгөн 3) “Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында” деген темада Кыргызстандын түштүк аймагы боюнча социологиялык массалык сурамжылоо. Бул изилдөөдө жалпысынан 18 жаштан жогорку шаар жана айыл тургундарынан 1200 респондент (эркектер – 45,5%, аялдар - 54,5% түзгөн) суралган. Сурамжылоодон топтолгон материалдар атайын статистикалык программанын жардамы менен кайрадан иштетилип, андан алынган алгачкы сандык маалыматтар эмпирикалык, теориялык деңгээлдерде талданды. Кыргызстандагы жалпы жарандык иденттүүлүк боюнча этностор аралык теориялык

маалыматтарды жыйнап, аларды талдап чыгып, диссертант өзүнүн илимий-практикалык сунуштарын берген.

**Алынган натыйжалардын апробациялоо жана жайылтуу.** Изилдөөнүн натыйжалары бир нече илимий конференцияларда апробацияланган Диссертациянын изилдөө ишинин жыйынтыгы коргоого алып чыгып жаткан жоболор менен автор эл аралык жана республикалык деңгээлдеги илимий конференцияларда чыгып сүйлөгөн: «Сулайман-Тоо – символ мира и согласия» (Ош ш., 1-3-октябрь, 2014); Эл аралык илимий-практикалык конференция “Коомдун социалдык биримдиги өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн платформасы катары” «(Бишкек, К. Карасаева атындагы БГУ, 23-24-апрель 2015-жыл)**;** IV Евразия коомдук илимдер форуму (Бишкек ш., 21-22-апрель, 2016); Сибирский социологический форум (с международным участием) «Социальные практики и управление: проблемное поле социологии» (Новосибирск, НГУЭУ, 24 ноября 2017 года); Кыргызстан социологдорунун VIII республикалык конгресси “Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүү жолу жана социология” (Ысык-Көл облусу, Бостери а., 19-август 2017-ж.); Эл аралык Борбордук Азия симпозиуму “Миграция, Жакырчылык жана иденттүүлүк” (Бишкек, 17-20 Апрель 2018-жыл) ж.б.

**Диссертациянын натыйжаларынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча жалпы 12 макала жарык көргөн. Алардан 8 илимий макала республикалык, 4 макала чет элдик басылмаларда жарыяланган.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, тогуз бөлүктү камтыган үч бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган булактардын жана адабияттардын тизмесинен, тиркемелерден турду.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**“Иденттүүлүк жана иденттешүүнүн теориялык маселелери”** деген аталыштагы биринчи бөлүмдө автор иденттүүлүктүн теориясынын калыптанышынын, өнүгүшүнүн теориялык негиздерин, аны аныктоого жана изилдөөгө социологиялык мамилелерди, иденттикти социалдык институт катары анын функцияларын жана алардын азыркы коомдогу өзгөрүүлөрүн изилдейт.

**Биринчи параграфта “Иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү социалдык билимдердин алкагында”** жарандык иденттүүлүк түшүнүгү, социалдык илимдерде иденттүүлүк, иденттешүү, атуулдук түшүнүктөрү талданган.

Социалдык илимдер индивиддин “иденттүүлүгүнүн” калыптанышы социалдашуу процесси менен тыгыз байланышта экендигин тастыкталган. Психоаналитик Э.Эриксон “социалдашуу” процессин терең изилдөө менен “иденттүүлүк” түшүнүгүн илимий термин катары колдонгон [Эриксон, Э. Идентичность: юность и кризис./Пер. с англ. А. Андреева и др. - М.: Прогресс, 1996. - 352 с.]. «Иденттүүлүк» термини латын тилинин «Identity» сөзүнөн алынып «бирдейлик», «окшоштук» дегенди туюндурса, «иденттешүү» термини латын тилинин «identifico» сөзүнөн алынып «окшошуу» деген

маанини билдирет. Иденттүүлүк түшүнүгү социалдык ролдордун алкагында инсандын бул же тигил социалдык жеке орунга өзүнүн таандык экендигин таанышы катары аныкталат. Иденттүүлүк татаал жана көп кырдуу түзүлүшкө ээ болгон, инсан катары калыптануучу баалуулук болуп саналат. Бул адамдын табиятын талдоодогу үч негизги деңгээл менен байланыштуу: индивидуалдык, инсандык, социалдык иденттүүлүк деңгээлдери. Окумуштуулар В.А.Ядов жана В.С. Агеев иденттүүлүк концепциясынын негизинде иденттүүлүктү түзгөн *жеке* (персональная) жана социалдык эки негизги көрсөткүчтү сунуштаган.

Социалдык билимдеги иденттүүлүктүн жана идентгешүүнүн илимий концепцияларында иденттүүлүк инсанга, топко, этноско жана башка ушул сыяктууларга карата колдонулуучу мурдатан кеңири жайылып калган “өзүн-өзү аңдап билүү”, “өзүн-өзү таануу” сөздөрүнүн ордун ээледи [Орлова Э. А. Концепции идентичности/идентификации в социально-научном знании// Вопросы социальной теории. - 2010. 4 Том, 87-б.]. Бирок ар кайсы теориялык контекстерде иденттүүлүктүн мааниси бирдей эмес. Бул социологияда, антропологияда жана психологияда жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын салыштырууда жана жалпылоодо кыйынчылыктарды туудурат. Ошол эле учурда, ар түрдүү илимдердин өкүлдөрүнүн өз ара шилтемелеринен, иденттүүлүк түшүнүгү бардык көп маанилүүлүгү менен бирге эле, терминдин ар бир колдонулушунда негизги мааниси сакталган мазмундуу бир өзөккө ээ экендигин байкоого болот. Иденттүүлүк, адам баласын изилдөөдө ар башка багыттан карагандыктан социалдык билимдер: психологияда, социологияда жана антропологияда ар түрдүү чечмеленген.

Иденттүүлүк түшүнүгүнүн социологиялык түшүндүрмөсү психологиялык чечмелеништен бир топ айырмаланган. Психоаналитикалык салтка ылайык иденттик психикалык түзүмдүн терең катмарларында орун алган. Социологдор башка пикирди карманышкан. Алар, иденттүүлүктү социалдык өз ара аракеттешүүнүн негизинде калыптанган нерсе катары карашкан. Бул негизинен аныкталган жүрүш-туруш менен байланышкан бир белги - стигма (Гофман). Бергерге ылайык, иденттүүлүк келип чыгышы боюнча гана эмес, улануусу, жашоо жөндөмү боюнча да толук социалдык мааниге ээ, ошондуктан, иденттүүлүктү туруктуу булактан берилген түзүлүш катары кароого болбойт.

“Иденттүүлүк” термининин антропологиялык чечмелениши психологиялык жана социологиялык негиздерге таянган. Антропологдор үчүн иденттүүлүк, адамдын айырмалоого жана окшоштурууга, анын ичинде курчап турган чөйрөсү менен болгон мамилесинин контекстинде өзүнө өзү окшошууга болгон өндүрүштүк пайдубалдык жөндөмдүүлүгү болуп саналат.

**Экинчи параграфта “Иденттүүлүккө болгон теориялык көз караштар“** талданган. Иденттүүлүк концептин илим чөйрөсүндө алгач социалдык психологияда колдонулса, кийинчерээк мааниси кеңейип, көп кырдуу түшүнүк катары философия, антропология, социология ж.б. социалдык илимдерде кеңири изилденип, түрдүү өңүттөрдө каралган. Иденттүүлүк түшүнүгүнө П.Рикер төмөнкүдөй аныктама берген: «Бирдейлик же окшоштук сөзү өздүк түшүнүгү менен тыгыз байланышат. Идентешүү процесси ар түрдүүлүктөн бөлүнүп, окшош процесстердин топтолушу менен түшүндүрүлөт

[Рикер П. Повествовательная идентичность. – http://royallib.com/book/riker_p /povestvovatelnaya_identichnost.html]. Ар түрдүүлүктүн ичинен бирдейликти ажыратуу аркылуу иденттүүлүк аныкталат». Иденттүүлүк түшүнүгүн алгач кубулуш катары карап, ага алгачкылардан болуп көңүл бургандардын бири Дж.Г. Мид болгон. Ал балдардын эрте жаш курагындагы социалдашуу стадиясында аң-сезимдин өнүгүшүн изилдеп жатып, иденттүүлүк үч стадиясын айткан: биринчиси, тууроо стадиясы; экинчиси, оюн стадиясы; үчүнчүсү, топтогу оюн стадиясы [Mead G. http://www.koob.ru/mead_g/]. Социолог И.Гофман иденттүүлүк кубулушунун белгилери - стигмалар тууралуу жазган [Гофман, И. Представление себя другим в повседневной жизни/. Пер. с англ. А.Д. Ковалева.-М.: 2000.-304 б.]. Американлык социолог Р.Мертон референттүү топ жана анын баалуулуктары [Мертон, Р. Социальная теория и социальная структура - М.:2006, 873 б.], А.У.Гоулднер «ачык жана көмүскөдөгү иденттешүү» [Гоулднер, А.У. Наступающий кризис западной социологии. – СПб.: 2003,-577 б.], ал эми Г.Тэджфел «позитивдүү иденттүүлүк» боюнча эмгектеринде жазышкан. Белгилүү окумуштуу-психологдордун бири З.Фрейд бир катар эмгектеринде иденттешүүгө кеңири маани берген жана бала алгачкы иденттешүү процессин өзүн атасына аңдоосуз окшоштуруу аркылуу баштайт дейт [Фрейд, З. Я и Оно.- М.: 2015,-288 б.]. Иденттүүлүк термини илимий чөйрөгө Э.Эриксондун социалдык психологиялык изилдөөлөрүнө байланыштуу кирген, анын 8 стадиясын жазган. Ю.Хабермас иденттүүлүк адамдын интер-субъективдүү таанууну кабыл алган өздүк иденттешүүсү аркылуу калыптанат дейт [Хабермас, Ю. Модерн – незавершенный проект // Политические работы. – М.: 2005. - С. 239, 14-б.]. С.Хантингтон иденттүүлүктүн булагында чек жок деп, алардын ичинен жашоодогу эң маанилүү болгон аскриптивдик, маданияттык, аймактык, саясий, экономикалык, социалдык ж.б. иденттиктерди бөлүп караган [Ценности и символы национального самосознания в условиях изменяющегося общества/ Отв. Ред. Л.М. Дробижева.- М.: 1994.-236 с. 58-59-б.].

Иидентүүлүктү тубаса (табигый) жана туунду болуп экиге бөлүп кароого болот. Тубаса (табигый) иденттүүлүк адам баласы төрөлгөндө эле Жараткан тарабынан берилген биологиялык, антропологиялык, физиологиялык белгилерлин (жаш, жыныс, этнос, раса ж.б.), туунду иденттүүлүк инсандын жашоосундагы ар кандай себептерге, окуяларга, муктаждыктарга жана кырдаалдарга жараша өзгөрүп туруучу динамикалык процесстин жыйындысы. Социомаданий мейкиндиктин ичинде социалдык иденттүүлүк менен жарандык иденттүүлүк бирге жүрөт. Андыктан социалдык иденттүүлүк маселеси көтөрүлгөндө жарандык иденттүүлүктө дагы оң жана терс кубулуштардын орун алары чындык.

**Үчүнчү "Социалдык жана жарандык иденттешүү маселелеринин социологияда каралышы" аталыштагы параграфта** иденттешүү түшүнүгү (лат. Identificare - окшоштуруу, теңөө) социалдык иденттешүүнүн түшүндүрмөсүнүн алкагында каралган. Азыркы социологияда социалдык идентүүлүктүн түрдүү түшүндүрмөлөрү көрсөтүлгөн: маданият контекстинде – ар түрдүү маданий тезаурустардын маанилерин, белгилерин окшоштуруу аркылуу (В.Луков); иденттешүүнү кызматтык талдоо аркылуу (В.Чупров);

социалдык түзүлүштү окуп-үйрөнүү жана анын өнүгүшүнүн перспективасы социалдык «тилектештиктин» иденттешүүсүн түшүнүү аркылуу (В.Ядов); социалдык иденттүүлүктүн түшүндүрмөсүн социалдашуу процессиндеги нормаларды жана баалуулуктарды интериоризациялоо аркылуу (А.Ковалёва). Социалдык идентүүлүк – социалдык иденттешүүнүн жыйынтыгы. Инсандын социалдык иденттешүүсү жана социалдык иденттүүлүгү – индивиддин өзүн өзүнүн тобуна (үй-бүлө, дин, этнос, кесип ж.б.) же жамааттарга окшоштуруп теңеши. Социалдык иденттүүлүк түшүнүгү эки илимге - психологияга жана социологияга таандык. Социалдык иденттүүлүктүн эмпирикалык изилдөөнүн салты баарынан мурда А.Тэджфелдин эмгектеринде каралып, адам өзүн кандайдыр бир социалдык топко кошуу механизми изилденген. Анын аныктамасы боюнча социалдык иденттүүлүк индивиддин социалдык топко жекече таандыгы жөнүндөгү билими, жеке Мен-концепциясынын бөлүгү катары каралат [Tajfel, H. The social identity theory of intergroup behavior [Text] / H. Tajfel, J.C.Turner - Chicago: Nelson-Hall. 1986. pp. 7-24.].

Жарандык иденттүүлүк көптөгөн изилдөөлөрдө этностук иденттүүлүк менен бирдей каралат. Жарандык иденттүүлүк психологияда татаал жана белгисиз түшүнүк болуп саналат, себеби азыркы илимдин талаш-тартыштуу түшүнүктөрүнүн бири болгон улут түшүнүгү менен айкалышат. Жалпы түрдө улут деп аймагынын, экономикалык байланыштарынын, адабий тилинин, маданиятынын этникалык өзгөчөлүктөрүнүн жана мүнөзүнүн калыптануусундагы чогулган адамдардын жалпылыгы деп түшүнүшөт [Солдатова Г.У. Психология межэтнической напряженности. - М.,1998.]. Адатта улутка төмөнкү өзгөчөлүктөрдүн бири же бир нечеси таандык: тил, маданият, дин, саясий жана башка институттар, тарых. Этнос (этникалык жалпылык, грек. ethnos – эл) топтук иденттүүлүккө жана этникалык аң-сезимге ээ жана маданий фонддун уникалдуу мүнөздөмөлөрү менен айырмаланган тарыхый калыптанган социалдык жалпылык. Мамлекет курамына көп этносторду камтышы мүмкүн. Эгерде улут мамлекеттик деңгээлде улут статусуна жетсе, анда саясий түзүлүш калыптанат, иденттик улутту коргойт жана улуттук институттардын калыптанышына түрткү берет. Жарандык иденттүүлүк өзүн улут деп айта алган жалпылыкка топтук мүчө болуу сезиминен келип чыгат.

Жаштардын жарандык иденттүүлүгү топтун социалдык жана психологиялык өзгөчөлүктөрү менен байланышкан белгилүү бир өзгөчөлүк менен дайыма белгиленет. Социалдашуу процессинде жарандык иденттиктин сапатын аныктоочу үзгүлтүксүз иденттешүү жүрөт. Ошондуктан, жарандык иденттүүлүк белгилүү деңгээлде социалдашуунун жыйынтыгы, эң активдүү фазасы, социалдык-саясий системага тиешелүү базалык нормалар жана баалуулуктарды өздөштүрүү.

**Экинчи бөлүм “Жарандык иденттүүлүк маселеси: изилдөө усулдары жана методологиясы”** каралып, өлкөбүздүн түштүк аймагында жашаган этностордун көз карашы менен жарандык иденттүүлүктүн өнүгүшүнүн этностук өзгөчөлүктөрү жана анын заманбап абалы талданган. Жүргүзүлгөн

эмпирикалык изилдөө белгилүү бир тыянактарды жана жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн **объектиси:** жалпы жарандык иденттүүлүк.

Изилдөөнүн **предмети:** Кыргызстандагы түрдүү этностук топтордогу жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн абалы.

**Методологиялык негизи** катары түзүлүштүк-кызматтык парадигма, иденттүүлүк теориясы жана социологиялык талдоонун методологиясы боюнча фундаменталдык жана теориялык жетишкендиктери болуп эсептелет. Ал эми эмпирикалык социологиялык изилдөө усулу катары массалык сурамжылоо, ошондой эле документтерди талдоо жана байкоо жүргүзүү ыкмалары колдонулду. Изилдөөнүн алгачкы сандык маалыматтары компьютердик SPSS программасында (22 версиясы) кайрадан иштетилип, эсептелген. Тандап алуу квоталык ыкма менен түзүлүп, тандалган жалпылык өзүнө 1200 адамды камтыды.

**Бул бөлүмдүн биринчи “Адамдагы инсандык, социомаданий жана жарандык иденттүүлүктөр”** параграфында диссертациялык иштин изилдөө заты болгон иденттүүлүк маселеси XX кылымда коомдук илимдердин көңүл чордонунда туруп, алардын негизги изилдөө маселелеринин бирине айланган. Бүгүнкү күндө социологияда иденттүүлүк борбордук орунду ээлеп, ал инсандын дүйнө таанымын мүнөздөгөн категорияга айланды. Иденттүүлүк менен байланышкан маселелер инсандын өздүгүн аныктоо, коомдун консолидация маселеси болуп саналат, демек бул илимий-практикалык маселе. Бул концепт инсандагы өздүгүн аныктаган түшүнүктөрдүн чектерин белгилеген татаал, чиеленген илимий категория. Ошондуктан иденттүүлүк түшүнүгүн талдоодо социологдордун эмгектери менен катар эле аны иликтеген башка коомдук илимдердин өкүлдөрүнүн эмгектерине да кайрылуу мыйзам ченемдүү жана изилденип жаткан маселени терең, ар тараптуу ачып берүүнүн зарыл шарты.

Белгилей кетүүчү нерсе, иденттүүлүк муктаждыгы адамзатка гана таандык өзгөчө сапат. Иденттүүлүктүн мындай адамзаттын шыбагасына гана таандык мүнөздүк белги экендигин белгилүү психолог Э.Фромм жакшы ачып берген. Ал инсан тууралуу “өзүн өз алдынча чоң катары сезген жана “Мен” деп айта алган жандык” деп мүнөздөп кеткен [Фромм, Э. Пути из больного общества / Э. Фромм // в кн.: Проблема человека в западной философии. – М.: Прогресс, 1988. – с. 443-483, 477-б.]. Инсандын иденттүүлүк жана окшоштук (жалпылык) маселелери классикалык философияда да байкалат, ага Платон, Аристотелден тартып И.Кант, Г.Гегелге чейин инсандын аң-сезим маселесине кайрылышып, иденттүүлүк терминин колдонушпаса да, иденттүүлүк кубулушуна кайрылышкан.

Инсандын иденттүүлүгүн психологиялык жана социалдык деңгээлдерин кароого болот. Иденттүүлүктүн зарыл шарты бул эки деңгээлдин инсандын жан дүйнөсүндөгү тең салмактуулугу болот. Адамдын социомаданий иденттүүлүгү аркылуу инсандын маданий жан дүйнөсү жана социалдык мамилелер чегиндеги иш-аракеттери иреттелет. Социология илими маданиятты адамдар ортосунда социалдык өз ара аракеттешүүнүн натыйжасында мыйзам

ченемдүү негизде коомдун конкреттүү бир тарыхый өнүгүү баскычында калыптанган система деп аныктайт. Социомаданий иденттикти талдоодо маданият кубулушун аныктоо анын коомдун социалдык түзүлүшү менен байланышын изилдөө маселеси менен кошо жүрөт. Мында көйгөйдүн илимий чечмеленишинде эки түрдүү көз караш калыптанган: биринчиси. маданият жана социалдык түзүлүш ар кандай эрежелерге негизделген, өнүгүшүндө өзгөчө логикалык айырмачылыктары болгон Өз алдынча (автономиялуу) чөйрөлөр катары кароо (А.Вебер, Д.Белл), экинчи көз караш, маданият “жогорку түзүлүш” болгон экономикага негизделген (К.Маркс жана анын жактоочулары, К.Маннгейм), ошондуктан маданият экономикага карата баш ийген позицияга орношкон. Адамдын социомаданий иденттүүлүгү динамикалык процесс болуп, “...маданий номаларды, жүрүш-туруш үлгүлөрдү, баалуулук багыттарды, тилди түшүнүүнү жана аны кабыл алууну, “өздүгүн” коомдогу маданий үлгүлөрдүн негизинде аныктоону, аларга өзүн окшоштурууну” [Гришаева, Л. И. Особенности использования языка и культурная идентичность коммуникантов.-Воронеж, 2007. 261 с. 54-б.] камтып, бүтпөгөн мүнөздө болот. Инсан социомаданий реалдуулукта калыптанган объективдүү дүйнөнү чагылдыруучу даяр түшүнүктөрдү, символдорду, категорияларды, нормаларды, салттарды колдонуп, аларга таянып ой жүгүртөт, аларга негизделип социалдык-практикалык аракеттерди жасайт. Инсан ушул өзүн иденттештирген социалдык реалдуулуктун чегинде жашап, өз ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Эгерде ал өзүнүн социомаданий мейкиндигинин чегинен чыкса, анда өзүнүн иденттүүлүк ориентирин жоготуп, дүйнө таануу түшүнүктөрүндө кризистик абал жаралышы мүмкүн.

Ал эми жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн инсандын өзү жашап жаткан коом калыптанган социалдык-саясий нормаларды, үлгүлөрдү, жүрүш-туруш эрежелерин, баалуулуктарды өздөштүрүшү, коомдогу инсандарга өзүн окшоштуруп, алар менен биригиши, мамлекеттин тургуну катары өзүнүн өлкөсүнө жарандык таандыгын аң сезимдүү түрдө кабыл алышы түзөт. Адамдагы бул иденттиктин түрү, анын компоненттери изилдөө иштин кийинки парагарафтарында ачып берилген.

**Экинчи параграфта “Жарандык иденттүүлүктүн маанилүү компоненттери: тил, баалуулуктар, мекенчилдик салты”** деп аталып, анда жалпы жарандык иденттүүлүк «өз» жана «бөтөн» мамлекет түшүнүктөрүнө, ошондой эле, аларга таандык сезимдерине карата бөлүп талданган. Иденттүүлүк маселесин иликтеген окумуштуулардын концепцияларын талдоо жарандык иденттешүүнүн төмөндөгүдөй: универсалдык, этностук (улуттук), топтук жана жекече жарандык типтерин ажыратууга мүмкүндүк берди.

Универсалдык жарандык иденттүүлүк БУУ тарабынан кабыл алынган туруктуу өнүктүрүү максаттарында (4.7) берилген ааламдык жарандык духунда билим берүү багыты киргизилип, “ааламдык жарандыкты” калыптандыруу берилген. Ага ылайык инсан жалпы адамзатка тиешелүү баалуулуктарды, нормалардын, ж.б. кабыл алып, өзүн Жер шарынын жараны, адамзат коомчулугуна таандыгын, аны менен биримдигин аныкташы каралган. Мында инсан бардык адамзатты бир бүтүндүк деп, өзүн аны менен биримдикте

аныктайт [Цели в области устойчивого развития ООН. - https://www.un.org/sustainabledevelopment/ru/education/ - экранда аталышы]. Жарандык иденттүүлүктүн экинчи тиби улуттук иденттүүлүк деңгээлинде инсан өзү өздөштүргөн салттык жана азыркы коомдорго тиешелүү баалуулуктары, идеалдары, символдору, социомаданий руханий фондунун негизинде өзүнүн этноско, улутка, улуттук мамлекетке таандыгын аныктайт. Кийинки тип *топтук* иденттүүлүк болуп, ал инсандын өзүн кайсы бир коомдук топко окшоштуруу аркылуу ага таандыгын, аны менен биримдигин, өзүнүн тиешелүүлүгүн аң-сезимдүү таанышы. Ошондой эле инсандын өзүн жекече таанып, билиши, бул адамдын инсан катары жетилишинин көрсөткүчү.

Эгерде адамда жарандык иденттешүү ишке ашпай калса, анда өзүнүн өлкөсүнө таандыгын аныктабай, мамлекети жана өз улуту менен байланышы жок, адамдын индифференттүү социалдык тиби калыптанат. Жарандык иденттүүлүктү маданияттын «өзөктүк» бөлүгүнө кирген тил менен тыгыз байланышта караш керек. Социалдык жана жарандык иденттүүлүктү сактоонун, өнүктүрүүнүн негизги механизмдеринин бири – бул элдин тили. Тилде объективдештирүү процесси жүрүп, белгилүү социалдык жана жарандык тартип түзүлөт. Тилдин концептосферасы маданияттын терең индивидуалдуу жана уникалдуу «жүзүн» түзөт дагы ошол тилди алып жүрүүчүнүн иденттүүлүгүндө чагылдырылат.

Жарандык салт маселеси азыркы батыш маданият таануучуларындa, антропологияда жана социологияда актуалдуу мааниге ээ. Ар бир улуттук жарандык салтта улуттук коддорду камтыган символдор сакталып, кийинки муундарга өткөрүп берүү иш жүзүнө ашат. Адатта «салт» түшүнүгү конкреттүү жана абстрактуу кубулуштар, ар бир улуттун салттында жазылган жана жазылбаган мыйзам-ченемдүүлүктөр, нормалар, эрежелер, жоболор камтылган. Кызматтык пландан караганда, салт азыркы учур менен өткөн мезгилдин ортосунда ортомчулук кылат, адамдардын чыныгы жашоосунда орун алган ишмердиктердин (технологиялардын) үлгүлөрүн, ыктарын жана жөндөмдөрүн сактоо жана кийинки муунга өткөрүп берүү механизми болуп берет. [Тульчинский, Г.Л. Постчеловеческая персонология. Новые перспективы свободы и рациональности. – СПб.: Алетейя, 2002. – 677 с., 87-б.]

Бүгүнкү коомдун улуттук маданий «жүзү» анын мүчөлөрүнүн социалдык жана жарандык иденттүүлүгүн сактоодо аткарган иш аракеттеринен толук көз каранды. Улуттун конкретүү жана абстрактуу маданий мурастары коомдо канчалык мыкты деңгээлде иш жүзүнө ашып, аткарылса муундардын биримдиги да ошончолук бекем болуп, маданияттын «борбордук өзөгүн» түзгөн түпкү баалуулуктар кеңири жана терең жайылып, бекем сакталат. Салтта сакталган, тилде чагылдырылган маданий тажрыйбаны өткөрүп берүүдө пайда болгон мүчүлүштүктөр, келишпестиктер жарандык иденттиктин чагылдырылышында чачыраган, муундар аралык түшүнбөстүктөрдүн санынын өсүшүн жана муундар арасындагы келишпестиктин күчөшүнө алып келет.

*Ж*арандык иденттүүлүктү инсандын дүйнөлүк образ-идеалдардан тарта жекелик, этностук, топтук маданий нормаларды, эрежелерди, каада-салттарды карманган эмоциялык-психикалык процесстердин бүтүндүгү катары баалоого

болот. Жарандык иденттик мезгил-мезгили менен коомдун маданий эрежелериндеги кээ бир элементтерди заманга жараша өзгөртүп, алмаштырып турууучу динамикалуу процесстин социалдык-маданий туундулардын жыйынтыгы. Жарандык иденттүүлүккө түпкүлүк сакталуу менен бирге заманбап процесстердин компоненттери да кошо кирет. Жарандык иденттүүлүк коом тарабынан түзүлүп, колдоп, өнүктүрүлүп турган социалдык, маданий баалуулук муктаждыктары болуп саналат. Ал инсан өзүнө социалдык жана атуулдук жактан кайсы бир деңгээлде тигил же бул өнүттөн жагымдуу жана жагымсыз жакындыкты, окшоштукту туйган эмоциялык-психикалык процесстин жыйындысы. Жарандык иденттешүү субъективдүү жана объективдүү аң-сезимдүү жана аңдоосуз процесстин негизинде ишке ашат.

**Үчүнчү параграфта "Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн каралышынын методологиясы"** Кыргызстанда иденттүүлүк маселелерин изилдөөлөр социалдык-гуманитардык илимдерде каралып жаткан актуалдуу маселе. Анткени улуттук аң-сезим, улуттук көрөңгө, улуттук тарыхый эс-тутум сыяктуу тематикалык маселелер азаттык жылдарында суверендүүлүктүн алкагында өзгөчө архимаанилүү болуп калды.

Кыргыз элинин улуттук иденттүүлүк темасына, улуттук аң-сезим, этностук иденттүүлүк түшүнүктөрүнө кайрылган окумуштуулардын көч башында тарыхчылар Ж.Жунушалиев, А.Асанканов, А.Джусупбеков, З.Курманов, философтор С.Абдрасулов, Ж.Урманбетова, А.Бугазов, А.Токтосунова, А.Элебаева, Г.Аалиева, политологдор Ж.Жоробеков, социологдор К.Исаев, С.Нурова, Р.Б. Салморбекова, Н.А.Омуралиев, Н. Меңдибаев, М.Амердинова, Г.Горборукова, К.Молдобаев, Т.Шаршембиева, Б.Малтабаров, С.Сыргабаев, Б.Кошбакова ж.б. турушат. Алардын кыргыздардын иденттүүлүк, анын ичинде жарандык иденттүүлүк системасын түрдүү илим тармактарында жазылган эмгектерин талдап, төмөнкүдөй негизги баскычтарды ажыратууга болот: биринчи баскыч, көчмөн (номад) цивилизациясынын калыптанышындагы жамааттык иденттүүлүк тепкичи. Экинчи баскыч – бирдиктүү советтик маданият системасынын калыптанышы жана өнүгүшү. Үчүнчү баскыч – кыргыз коомунун эгемендүүлүккө ээ болгондон кийинки алгачкы 10-15 жылдык мезгил. Төртүнчү баскыч – кыргыз коомунун иденттүүлүгүн калыптандыруу үчүн башатка кайрылуу мезгили.

Мамлекеттин иденттешүүгө таасири өзгөчө: инсандын социалдык жана жарандык иденттүүлүгүн кайрадан түзгөн, калыптандырган же эски иденттүүлүктү жокко чыгарган субъект. Мамлекет мыйзамдын чегинде иш алып баргандыктан, иденттешүү процессине айрым бир жоболор, милдеттер, укуктар аркылуу чек коюлат же тескерисинче күчөтүлөт. Мисалы, мамлекеттин символикалык белгилерине, атрибуттарына карата сезимдердин ойгонуш иденттүүлүгү атайын иш-чаралар аркылуу үй-бүлөдө, билим берүү мекемелеринде ишке ашырылат.

Кыргызстандагы кыргыз коомунун өзгөчөлүгүн улуттук саясий иденттүүлүгүн, социалдык иденттүүлүгүн, улуттук жарандык иденттүүлүгүн, тарыхый, улуттук жана социалдык эс-тутумун изилдөөдө салыштырма тарыхый ыкма аркылуу советтик мезгилге чейинки кыргыз коомундагы иденттүүлүк,

совет доорундагы иденттүүлүк жана учурдагы кыргыз коомунун жалпы жарандык иденттүүлүгү деп изилдөө максатуу жана пайдалуу болот деген ишенимдебиз.

Маданиятта башатын жоготкон учурда тарых маанилүү боло баштайт. Ал эми тарых өтмүштөн учурга чейин келген түз багыт. Келечектин пайдубалын түзүүдө бүгүнкү күндүн убактысы маанилүү. Андыктан улуттук мүнөздү жаратууда кыргыз коому оор сыноолорду баштан өткөрдү, табигый кырсыктардан тарта этностук кагылышууларды, наразычылык революцияларды жашап өттү. Тилекке каршы, тездик менен элдин башын бириктирген мамлекеттик идеология түзүлгөн жок, ошого кыргыз коомунун бирдиктүү иденттүүлүгү жок. Изилдөөлөргө таянып айтсак: (1) кыргыз коомунун аймактык, уруулук жана каада-салттык иденттүүлүгү күчтүү сакталгандыгын башка изилдөөлөрдүн жыйынтыгы менен далилденди; (2) кыргыз коомунун иденттүүлүгү 1990-жылдардан баштап, бүгүнкү күнгө чейин калыптануу мезгилин жашап жатат; (3) кыргыздардын социомаданий жана жарандык иденттүүлүгүнүн толук калыптанбай жаткандыгынын негизги себептери катары: советтик иденттүүлүктүн таасири менен улуу муундагы кош иденттүүлүктү, эски иденттүүлүктү жээрип, жаңы иденттүүлүктү кабыл албоонун натыйжасында белгилүү деңгээлдеги карама-каршылыктар, бирдиктүү иденттүүлүктүн жоктугу, космополиттик маанайдагы жаштардын ааламдык иденттүүлүккө багыт алышы ж.б. атасак болот.

**Үчүнчү бөлүмдө «Кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүнүн абалы жана өзгөрүү багыттары”** жөнүндөгү эмпирикалык изилдөөлөрдүн жыйынтыгын талдоого, анын натыйжаларын жалпылоого жана бүгүнкү күндөгү жарандык иденттүүлүктүн абалын, өзгөрүү багыттарын аныктоого, аны бекемдөө жолдору боюнча сунуштарды иштеп чыгууга арналган.

**Биринчи параграфта «Кыргызстандагы негизги этностук топтордун динамикасы жана жалпы кыргызстандык жарандык идентүүлүктүн социологиялык өңүтү”** көрсөткөндөй кыргыз коомунун биримдиги (единство) жана бекемдиги (консолидация) азыркы шарттарда теориялык да, практикалык да жактардан караганда актуалдашкан маселелерден экендигинде шек жок. Бул өлкөбүздүн жарандарынын көпчүлүгүнүн иденттүүлүк боштук (вакуум) же бошоң абалы менен байланыштуу. Биздин республика сыяктуу полиэтникалык мамлекет [табл.№3.1.1 Көз карандысыздык жылдарында ири этностук жамааттардын санынын өзгөрүшү] үчүн жарандык иденттүүлүктүн бошоңдугу эселеп коркунучтуу.

Жалпы жарандык иденттүүлүк жарандык улуттун мамлекетте калыптанышынын түркүгү болгон өзөктүк категория. Бул Кыргызстандын түрдүү этносторунун өкүлдөрүн бирдиктүү жарандык улутка чогулткан – кыргыз жараны түшүнүгүн калктын аң-сезиминде чындап бекемделиши менен коштолот. Бул эки багытта: теориялык жана практикалык бирдей иш-аракеттер талап кылынат. Мамлекет башчысынын Жарлыгы менен бекиген “Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясында” өлкөнүн жарандарынын биримдигин, Ата мекендин бүтүндүгүн чыңдоо, бардык мекендештердин мамлекеттик тилди окуп-

үйрөнүп, жетиштүү деңгээлде билиши үчүн шарттарды түзүү менен мамлекеттик тилдин консолидациялык ролун бекемдөө каралган. Бул Кыргызстанда кыргыз тилинин жарандык иденттүүлүктү калыптанышында өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жетиштүү деңгээлде аткарууга шарт түзөт.

Ушул мааниде алып караганда Кыргызстандын элинин тилдерди билүү даражасы өзгөчө кызыктуу. Эгерде мамлекеттик тил статусундагы кыргыз тилин эне тили жана экинчи тил катары билиши боюнча маалыматка кайрылсак, анда мамлекеттик тилди эне тили жана экинчи тил катары биле турган мекендештерибиз 75,9 % болгон [Перепись населения и жилищного фонда Кыргызской Республики 2009 г.: Население Кыргызстана.-Б.: НСК КР., – 2010.-2кн., ч. 1, 412-б.]. Салыштыруу үчүн: Орусияда 2002-жылдагы эл каттоонун маалыматы боюнча, 160 тан ашуун этностордон куралган калкынын 98,7 %ы мамлекеттик тил - орус тилин билишет, 100 адамдан бирөө гана мамлекеттик тилди билбейт, Кыргызстанда болсо 100 адамдан 24ү мамлекеттик тилди билбейт. Өкмөтүн тил саясатында узак мезгил стагнация орун алып, алгылыктуу жылыштар болгон жок. Акыркы 2010-жылдан кийин гана, айрыкча, президент С.Н.Жапаровдун принципиалдуу бекем позициясы, ыраатуу койгон талаптарынын аркасында мамлекеттик тилдин татыктуу ордун бекемдөөдө алгылыктуу жылыштар байкалууда.

Биздин өлкөдө, биринчиден, советтик илимдин мурасы катары улутту классикалык түшүнүү сакталган, б.а. улут – бул этностук (кыргыз, өзбек, орус, дунган ж.б.) иденттик, этноулут. Кыргыз коомунда “жарандык улут” түшүнүгүнүн калк арасында жакшы таралбай, же коомго “сиңбей” келишинин бир себеби да ушуга байланыштуу. Экинчиден, Кыргызстанда жарандык улут маданий-баалуулуктар деңгээлинде да, институттук деңгээлде да азырынча толук калыптана элек. Анткени анын негизи болгон кыргызстандык атуулдардын жалпы жарандык иденттүүлүгү этностук, диний, уруулук ж.б. иденттүүлүктөрүнөн туруктуу үстөмдүк кылган деңгээлге көтөрүлө элек.

Жогоруда айтылгандарга таянып жарандык идентешүүдө айрым бир тыянактарды чыгарсак болот: (1) жалпы кыргызстандык “жарандык улут” түшүнүгүнүн жана кыргызстандык иденттүүлүктүн бекемделишинде мамлекеттик тилдин ролу чоң экендигин талашсыз; (2) көп этностуу Кыргызстандын шартында жарандык улуттун жана жарандык иденттиктин калыптанышы кыргызстандыктардын баарынын бирдейлигине, этностордун жана алардын этностук иденттүүлүктөрүнүн жоюлушуна алып келбейт. Муну калкка түшүндүрүү зарыл; (3) кыргызстандык жалпы иденттикти калыптандыруу өлкөдө мамлекеттин биримдигин сактоонун, анын келечектеги өнүгүшүнүн өбөлгөсү; (4) окумуштуулар, саясатчылар кыргызстандык “жарандык улут” түшүнүгүнүн жана жарандык иденттиктин бекемделишинин үстүнөн иштеш керек. Ошондо теория менен практиканын айкалышканда бул багыттагы иштер эффективдүү болот.

**Экинчи параграф «Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктөгү этностук айырмачылыктар”** деп аталып, анда социалдык иденттүүлүктүн маңызын түзгөн инсандагы өзүн окшоштуруу кубулушу, кайсы бир үй-бүлөлүк, диний, маданий, саясий, экономикалык, кесиптик, этностук, жарандык же

башка топко өзүнүн таандыгын аныкташы, ал топту “өзүнүкү” деп кабыл алышы талданган. Социалдык иденттүүлүктүн түрлөрүнүн ичинен жарандык иденттүүлүктүн үстөмдүк абалда болушу мамлекеттин биримдигинин, бүтүндүгүнүн жана коомдун туруктуулугунун зарыл шарты. Акыркы 30 жылдык тарыхыбыздагы этностор аралык мүнөздөгү чыр-чатактар өлкөбүз үчүн жарандык иденттүүлүктүн канчалык орчундуу экендигин кабарлап турат.

Диссертациялык теманын алкагында Кыргызстандын түштүк аймактарында “Жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызы: негизги этностордун мисалында” деген аталышта социологиялык иликтөө жүргүзүлгөн. Анда жарандык иденттүүлүктүн компоненттеринин этностук топтук кесилиштеги айырмачылыктары талданган. Изилдөөдө жашаган жери боюнча массалык сурамжылоо усулу колдонулуп, тандап алуу квоталык-уялык (квотно-гнездовая), репрезентативдүүлүк болсо жынысы, жашы, жашаган жеринин тиби (шаар, айыл) белгилери боюнча камсыз кылынган (караңыз: тиркемелер 1,2,3). Анын негизги инструментарийи сурама (анкета) болуп, жалпы 27 суроону камтыган (тиркемелер 2,3). Ыңгайлуулук үчүн бул суроолор тогуздан үч тематикалык бөлүктөргө ажыратылган: паспорттук бөлүк, жарандуулук, этностор аралык мамилелер. Изилдөөнүн жүрүшүндө 1200 респондент суралып, жараксыздыкка текшерүү процедурасынан кийин 1189 сурама талдоого жарактуу деп аныкталган. Респонденттердин берген жооптору атайын программа (SPSS Statistics 22 версиясы) аркылуу кайрадан иштетилип, маалымат базасы түзүлгөн. Изилдөөнүн тандалган жалпылыгы 5%га чейинки катага жол берилген репрезентативдүүлүк таблицасынын (В.И. Паниоттонун эсеби боюнча) негизинде ишке ашырылган [Паниотто, В. И. Качество социологической информации.-Киев: 1986. – 206 с., 81-82-бб.].

Анда “Кыргызстанды Сиз өзүңүздүн мекеним деп эсептейсизби?” суроого респонденттердин жооптору төмөндөгүчө бөлүндү: абсолюттук көпчүлүк же 83,4% “ооба, мекеним деп эсептейм” деген позицияны тандап

**Диаграмма №3.2.2.** ***Кыргызстанды Сиз өзүңүздүн мекеним деп эсептейсизби (%)?***




алышкан. Бирок, жарандар арасында кайчы пикирдегилер да жок эмес, “өзүн чоочун сезгендер” жана “кээде өзүмдү мейман сезип кетем” дегендер болсо - жалпы массивдин 14,9% түзгөн. Ушул эле жоопторду этностук кесилиште алганда (диаграмма №3.2.2), ар бир төртүнчү тажик, ар бир бешинчи өзбек, ар бир алтынчы орус этносунун өкүлү Кыргызстанда өзүн оңтойсуз сезишкенин билдиришкен. “Жок, өзүмдү чоочун сезем” деген терс жоопту тандаган өзбектерге (2,6%) караганда тажиктер 4 эсеге (9,5%) көп болгон. Мындай

абалды тажиктер үчүн тилдик барьер менен байланышта түшүндүрүүгө болот. Респонденттерге жарандык менен байланыштагы "Кыргызстандын жараны экендигиңиз Сизди канчалык деңгээлде канааттандырат?" деген суроо узатканбыз. Өзүнүн жарандык абалынан жарым-жартылай (25,7%) жана толук канааттанбагандардын (4,5%) үлүшү жогорку суроодогу окшош позициялар менен салыштырмалуу, эки эсеге (!) өскөн. Этностор аралык кесилиште талдоодон алардын маанайы, өзүн сезиши боюнча көйгөйлүү маселелер бар экендигин көрсөттү.

Респонденттердин жарандык сезимдеринин калыптанышына түрдүү факторлор өз таасирин тийгизет. Сиздин өзүңүздү Кыргыз мамлекетинин жараны катары сезишиңизге эмнелер көбүрөөк таасирин кылган?" деген суроого жоопторду этностук кесилиште талдаганда шексиз лидерлик үй-бүлө институтуна таандык болду. Бул жарандык иденттүүлүккө жана иденттешүүгө социалдык институттардын таасири ар башка, алардын жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли да ар түрдүү экендиги анык болду. Анткени, титулдук эмес этностук топтордун өкүлдөрүнүн жооптору 15-20%дан 35-40% чейин айырмаланып турат. Бирдиктүү жарандык коомду калыптандыруу багытында иш-чараларды пландоодо социалдык институттардын этностук топторго таасири ар башка экендигин эске алуу зарыл.

Андан ары респонденттерге мамлекетке жана анда жашаган этностордун абалына, мамилелерине байланыштуу алты пикир берилип, аларга карата өздөрүнүн позициясын аныктоо сунушталган. Алардын биринчи, үчүнчү жана алтынчы көз караштар оң мааниде, ал эми экинчи, төртүнчү жана бешинчи – терс мааниде. Бул жерде белгилей кетүүчү нерсе, оң пикирлер расмий документке, Концепцияга негизделип алынган. Бул пикирлерге респонденттердин мамилеси баш аламан сыяктанат, бирок, оң пикирлерге колдоп, терс пикирлерге каршы турган логикалык маани сакталган. Ошол эле учурда, оң маанидеги "кыргыздар бардык этностук топторду өзүнүн айланасына бириктирип топтогон, өзөктүк улут болушу керектиги" жөнүндөгү пикирге карата жоопторду этностук кесилиште талдай турган болсок, анда Концепциянын кыргыз улутунун орду жана ролу жөнүндөгү өзөктүк идеяларынын бири азырынча Кыргызстанда жашаган этникалык топтор тарабынан кабыл алынган эместигин байкайбыз.

Жарандык иденттүүлүктүн маанилүү мүнөздүк көрсөткүчү индивиддин тигил же бул жарандык коомго (жамаатка) өзүнүн таандыгын аныктоо бекемдиги болуп саналат. Бекем позицияны ээлеп, "башка мамлекеттин жараны болгуңуз келеби" деген суроого "жок" деп жооп бергендер (46,1%) респонденттердин теңине да жеткен эмес, биздин көз караашта бул өтө төмөн көрсөткүч болуп саналат. Мындай натыйжа биздин коомдо жарандык мекенчилдиктин төмөнкү деңгээлин дагы бир жолу далилдеп, азырынча жалпы жарандык иденттүүлүгү калыптануу баскычында экенин тастыктайт. Этностук кесилиште эң жогорку терс маани тажиктер (66,7%), анан орустар (61,7%), кийин өзбектер – 60,2%, эң төмөнкү көрсөткүч менен кыргыздар (40,7%) орун алган. Бирок, мындай маани анын биримдик даражасынан өлкөнүн

жыргалчылыгы, туруктуулугу көз каранды болгон, мамлекеттеги бирдиктүү элдин өзөгүн түзүүчү титулдук улут үчүн кооптуу көрсөткүч.

**Таблица №3.2.5. Сиз башка мамлекеттин жараны болгуңуз келеби?**

| | Ооба | Айрым учурларда гана | Жок |
|---|---|---|---|
| **Кыргыздар** | 15,2 | 25,5 | 59,3 |
| **Өзбектер** | 28,3 | 31,9 | 39,8 |
| **Орустар** | 29,0 | 32,7 | 38,3 |
| **Таджиктер** | 14,3 | 52,4 | 33,3 |
| **Башкалар** | 13,9 | 39,2 | 46,8 |
| **Баары:** | **23,0** | **30,9** | **46,1** |

Демек, азаттык жылдарында өлкөбүздүн жарандарынын түрдүү этностук жамааттарынын баары эле Кыргыз Республикасынын бирдиктүү элинин бөлүгү катары өздөрүн аңдап жете электиги изилдөөнүн натыйжаларынан айкын болду.

Үчүнчү **«Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жалпы жарандык иденттүүлүгү: абалы жана өзгөрүү багыттары”** деген параграфта коомдогу жарандык иденттешүүнүн объективдүү жана субъективдүү ички шарттары, ааламдашуу шартындагы тышкы шарттардын таасири иликтенген. Ааламдашуу эл аралык, маданий байланыштардын күчөшү менен мүнөздөлөт. 2015-жылы БУУнун Генералдык ассамблеясы тарабынан кабыл алынган миң жылдыктын өнүгүү максаттарында белгиленген "дүйнө жараны" концепциясын ишке ашырууда улуттук жарандык иденттүүлүк баалуулугун эске алуу шарт. Бирок, ааламдашуу менен Батыш маданиятынын келген кээ бир “баалуулуктары” жалпы адамзаттык баалуулуктарга, улуттук маданиятка терс таасирин тийгизүүдө.

Кыргызстандын шартында жалпы жарандык иденттүүлүктүн абалын жана өзгөрүү багыттарын аныктоочу ченем – бул мекенчилдик баалуулугу. Жарандуулук маселеси мекенчилдик (патриоттуулук), эл-жерин сүйүү менен бирге өлкөнүн жана элдин тагдыры үчүн жоопкерчиликти сездирип жана жарандык иденттүүлүккө ээ инсанга эрк, күч-кубат берип турат. Жаш жарандарды тарбиялоонун башкы кыймылдаткыч күчтөрүнүн бири жарандык иденттүүлүк категориясы болуп эсептелет. Бул бөлүмдүн чегинде жалпы жарандык иденттүүлүктүн абалын, өзгөрүү багыттарын айкындоочу, мекенчилдик баалуулугу менен байланыштуу болгон, жарандардын этностук таандыгын жарандык паспортто ачык жазуу маселеси боюнча этностук топтордун көз караштарын билүү максатында респонденттерге “Жарандык паспортто улутту көрсөтүүнүн зарылдыгы барбы?”жана ага оң жана терс жоопторду тандоо себептерин аныктоого багытталган: “Эмне себептен улутун көрсөтүш керек?” жана “Эмне себептен улутту көрсөтпөш керек?” деген суроолор берилген. Улутун ачык көрсөтүү позициясын кармангандар (62,2%) көп болгон. Жыйынтыгында, өлкөдөгү ынтымак жана биримдик жарандык атуулдун паспорттогу улутунун көрсөтүлүшү менен түздөн-түз байланышы жок жана Өкмөттүн паспортто улутту көрсөтпөө жөнүндөгү чечими реалдуу зарылдыкка негизделбеген, таза саясий, популисттик мүнөзү айкындалды. Ошондуктан ал кайра каралып, паспортто атуулдун улутун көрсөтүү жарандын ыктыярына калтыруу туура чечим болду.

Мекенчилдиктин дагы бир белгиси бул мамлекеттик символикаларга аяр мамиле, аларды сүйүү жана урмат-сый менен мамиле кылуу болуп саналат. Бирок, Кыргызстандын жарандарынын ичинде башка өлкөлөрдүн мамлекеттик символикаларын сүйүү, идеалдаштыруу колдонуу учурлары жок эмес. Ушул багытта изилдөөнүн алкагында респонденттерге кыргызстандыктардын башка мамлекеттердин туусу, герби, гимни сыяктуу символдорун колдонушуна пикирин аныктоо багытында суроо коюлган. Ага респонденттердин жооптору төмөнкү таблицада берилген.

**Таблица 3.3.6. Сиз Кыргызстандыктардын башка өлкөлөрдүн мамлекеттик символдорун (туусун, гербин, гимнин) колдонушуна кандай карайсыз?**

| | | 4. Улуту | | | | | **Баары** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Кыргыз | Өзбек | Орус | Тажик | Башка | |
| 1 | Жооп жок | 2,1% | 2,8% | 4,2% | 0,0% | 5,1% | **2,9%** |
| 2 | Өтө жаман, мен каршымын | 43,6% | 19,8% | 8,4% | 9,5% | 25,3% | **25,5%** |
| 3 | Жаман, мен колдобойм | 23,7% | 33,1% | 20,6% | 19,0% | 26,6% | **27,2%** |
| 4 | Мага баары бир | 10,9% | 24,6% | 18,2% | 28,6% | 19,0% | **18,8%** |
| 5 | Жакшы, мен колдойм | 10,1% | 14,0% | 42,5% | 33,3% | 19,0% | **18,6%** |
| 6 | Абдан жакшы, мен колдойм | 9,6% | 5,6% | 6,1% | 9,5% | 5,1% | **7,0%** |

Бул сурого сурамжылоого катышкандардын 52,7% өздөрүнүн терс мамилесин билдирип, активдүү мекенчилдик позициясын белгилешкен. Буга кайдыгер (18,8%) жана колдой тургандыгын билдиришкен (25,6%) жарандар алардан көп. Этностук кесилиште караганда, чет жакта улуттук мамлекеттүүлүгү болгон этностук топтордун өкүлдөрүндө бул ченем менен алганда мекенчилдик деңгээли төмөн экендигин байкайбыз. Мисалы, сурамжылоого катышкан тажиктердин арасында бул саамалыкты колдогондор жана кайдыгер карагандар - 81,5% (!), орустардын арасында алар - 76,8% түзүшкөн. Өзбектер (44,2%) жана башка этностук топтордун (43,1%) арасында дээрлик бирдей көрсөткүчтөрдү байкайбыз.

Мындай төмөн көрсөткүчтөр жарандык идентүүлүктүн негизин түзгөн, башкы ченемдик көрсөткүч болгон мекенчилдик баалуулугунун титулдук эмес этностук топтордогу терең кризистик абалын айгинелеп турат. Жалпы жонунан, кыргыз коомунун социалдык идентүүлүгүндөгү, анын ичинде жалпы жарандык идентүүлүктөгү кризистик абал тил, каада-салт, социалдык мамилелер, символдук тарыхый эстеликтер, мекенчилдиктин абалы, маданий компоненттерде айкын байкалды. Андан чыгууга белгилүү мезгил, бул багытта социалдык институттардын максаттуу иш-аракеттери талап кылынары ачык болду.

## КОРУТУНДУ

Диссертациянын корутундусунда изилдөөнүн максаттары жана милдеттери боюнча тыянактар чыгарылды. Идентүүлүк – бул бүтүн, бирдиктүү, ички карама-каршылыксыз, айкалышкан абал, анда психологиялык деңгээлде эс-акыл, рефлексия, аң-сезим аркылуу өзү тууралуу ой-пикирлердин ирети, ал эми социалдык деңгээлде башка адамдар менен болгон мамилелери боюнча өзү тууралуу ой-пикирлердин иретинин ортосундагы тең салмактуулугу. Заманбап Кыргызстандагы идентүүлүктүн көйгөйлөрү

жөнүндө жүргүзгөн теориялык жана методикалык изилдөөлөр бир катар жүйөлүү жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүндүк берет.

1. Иденттүүлүк жана иденттешүү түшүнүктөрү негизинен социалдык билимдерден психология, философия, социология жана антропология илимдеринин алкагында каралып, ар түрдүү чечмеленген. Бир илимдин чегиндеги ар кайсы теориялык концепцияларда да иденттүүлүктүн мааниси бирдей эмес. Бул каралып жаткан түшүнүктүн татаалдыгын, көп кырдуулугун айгинелеп турат.

2. Психологдор иденттүүлүк түшүнүгүн XX кылымдын башында иликтеп башташкан, кийин социологдор, антропологдор жигердүү изилдеп башташкан. 1970-жылдардан иденттүүлүк илимдер аралык категорияга айланып, жарандык иденттүүлүк маселеси көтөрүлгөн. Батыш социологдору жарандык иденттүүлүк маселесин түзүлүштүк-кызматтык, символикалык интеракционизм, ролдук жана референттик топтор, социалдашуу, феноменология теорияларынын алкагында карашкан. Кыргызстандык окумуштуулар иденттүүлүктүн диний, социалдык, этностук, кесиптик, үй-бүлөлүк, маданий, демографиялык-топтук ж.б. түрлөрүн изилдешкен. Жарандык идентүүлүк өз алдынча изилдөө предмети катары бөлүп каралбай, жетиштүү деңгээлде иликтенбеген, ал этностук кесилиште салыштырылып таптакыр талданган эмес.

3. Жарандык иденттүүлүк түшүнүгү адамда туруктуу компоненттерде жашап, алар аркылуу муундан муунга өткөрүлүп берилет. “Ааламдык жарандыктын” компонеттери универсалдуу мүнөздө болуп, жалпы адамзаттык баалуулуктарга, идеалдарга, нормаларга негизделген, жарандык иденттүүлүк этностук, улуттук баалуулуктар тутумуна негизделип, мамлекеттин тургуну катары жарандык таандыгын аң сезимдүү түрдө кабыл алышын камсыз кылат. Азаттык учурунда кыргыз коомундагы жарандык иденттиктин калыптанышы тоскоолдуктар менен коштолуп оор жүрүп, ал аймактык, уруулук, этностук иденттүүлүктөрдөн туруктуу үстөмдүк абалга жете элек.

4. Эмпирикалык изилдөөнүн материалдарын талдоо Кыргызстандын калкынын этностук топторунун жарандык иденттүүлүк жана иденттешүү деңгээли ар түрдүү экендигин, респонденттердин этностук таандыгы Кыргызстанды өз мекени катары сезишине жана өзүнүн жарандыгына канааттанышы менен түздөн-түз байланышта экендиги көрсөттү. Титулдук эмес этностук топтордун өкүлдөрү 15-20%дан 35-40% чейин айырмаланган позицияларды белгилешкен. Бирдиктүү жарандык коомду калыптандыруу, түрдүү этностук топтордун жарандык иденттешүүсүн калыптандыруу багытында иш-чараларды пландоодо этностук топторго социалдык институттардын таасири ар башка экендигин эске алуу зарыл. Өлкөбүздүн түрдүү этностук жамааттары өздөрүн бирдиктүү жарандык улут катары аңдап жете электиги изилдөөнүн натыйжаларынан айкын болду.

5. ааламдашуу жаңы мүмкүнчүлүктөр менен кошо, жаңы коркунучтарды алып келүүдө. Эл аралык, социомаданий байланыштар күчөгөн ааламдашуу шартында батыш маданиятынын адам укугу баалуулугун жамынган, адамдын жаратылышына тескери “баалуулуктары” универсалдык мүнөздөгү жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга терс таасирин тийгизүүдө. Жаштарда

дүйнөлүк баалуулуктарга умтулуу тенденциялары уланып жатат. Мындай жаңы иденттүүлүк көз караштардын пайда болушу салттык жарандык иденттүүлүк баалуулуктарын коомдон сүрүп чыгарышы мүмкүн. Анткени, псевдо баалуулуктардын туткунундагы калган муундун түптөлүшү мамлекеттин келечегине кайдыгер, улуттук маданиятка суугарылбаган көкүрөгү бош, мекенчилдик түшүнүгү бошоң муунду калыптандыруу менен коопту.

6. Кыргыз коомунун жарандык иденттүүлүгү – мамлекеттин идеологиясынын түпкү негизи. Ал кыргыз коомунда жаңыдан калыптанып келе жаткан абалда. Кыргыз жарандык иденттүүлүк багытындагы изилдөөнүн материалдарына таянган жогорку корутундулардын негизинде этностук таандыгына карабай атуулдарда жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу, бекемдөө жаатындагы диссертациялык изилдөөнүн алкагында төмөнкүдөй тажрыйбалык сунуштар иштелип чыкты.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

- жарандык маселелер боюнча улуттун тарыхы, тили, каада-салты, тутунган дини ж.б. улуттун аң-сезимине, көрөңгөсүнө тиешелүү бардык маселелер жаңы шарттарда жаңыча илимий көз караашта бааланып, изилденип, салттуулук менен заманбаптык түшүнүктөрдү айкалыштырган иш-чаралардын өткөрүү, калкка жайылтуу. Кыргыз жарандыгын өнүктүрүү иш-чараларын иштеп чыгуу жана аларды аткарууда мамлекеттик мекемелер жана коомдук уюмдар биргелешип иш алып барышын камсыз кылуу;
- кыргыз жараны түшүнүгүн коомдо кенен жайылтуу. Кыргыз коомунда жарандык иденттүүлүктү түзүү үчүн мекенчил нукта иденттештирүү саясатын иштеп чыгуу, Кыргызстандагы этностук топтордун тилине, динине, маданиятына сый мамиле менен бирге кыргыз элинин тилин, жана маданиятын өздөштүрүүгө шарттарды түзүү жана талап кылуу;
- жарандык иденттикти калыптандырууда үй-бүлөгө таянуу, үй-бүлөдө улуттук маданиятты, салтты үйрөтүү, үй-бүлө баалуулуктарын туура түшүндүрүү жана иш жүзүндө аткарылышында жашоо шартка ылайыкташтыруу, улуттук иденттүүлүктүн сактоо;
- кыргыз эли жамааттык иденттүүлүккө негизделген коом, жамааттык иденттүүлүктүн улуттук көрөңгөнү чагылдырган тараптарын сактоо, өркүндөтүү. Өзгөчө жаштар арасында салттык коомдогу социалдык иштердин түрлөрүн (ашар, журтчулук, коңшулук, ынтымак, жардам ж.б.) жайылтуу;
- улуттук мамлекеттик иденттешүү жана жарандык иденттүүлүк үчүн кыргызстандыктардын мекенчилдик сезимин ойготуу жана мекенчилдик сезимди жандандыруу боюнча иштерди алып баруу. Бул үй-бүлөдө, бала-бакчада, мектепте, ЖОЖдордо жана иш чөйрөсүндө, тарбиячылар, мугалимдер арасында чыгармачылык менен мекенчилдикке тарбиялоочу түрдүү ищ-чаралардын конкурстарын, стимул болуучу сыйлыктарын уюштуруу;
- билим алууга, иштегенге же жашаганга чет өлкөгө кеткен кыргызстандыктардын кайсы өлкөдө болбосун диаспораларын түзүп, ошол жерде дагы кыргыз улуттунун иденттүүлүгүн сактоо, бекемдөө жана жайылтуу боюнча иш алып баруу. Мамлекет чет өлкөгө кеткен ар бир жарандын башка улуттук, жарандык иденттиктерге биротоло тартылып кетишине жол бербөө;

- жарандык улуттук иденттүүлүгүн калыптандырууда улуттук материалдык жана материалдык эмес баалуулуктардын үстүндө иш алып баруу. улуттук баалуулуктардын тарыхы, маани-мазмуну, функционалдуулугу тууралуу маалыматтарды ММКлар аркылуу байма-бай берүү;

- диний иденттүүлүк курч көйгөйлөрдүн бири. Көпчүлүк негизги орто, жалпы орто билим жана «дипломдуу» билимсиз катмарга таандык жарандар турмуштун оор кырдаалдарынан чыгуунун жолун диний агымдардан табууда. Мындай жарандардын билиминдеги боштукту толтурууда мамлекеттик деңгээлде иш алып баруу, мамлекет диний иденттүүлүктү олуттуу көзөмөлөө, коомдун диний билим деңгээлин, диний билимди алуу максатын, аны жашоодо колдонуу жолдорун, социалдык-психологиялык абалын мониторинг кылуу;

- мамлекет кыргыз коомунун идеологиясын түзүүдөн мурда кыргыз коомунун социалдык, экономикалык, саясий, маданий ж.б. иденттешүү программаларын иштеп чыгып, аларды этап-этабы менен ишке ашыруу аркылуу идеологияны жүргүзүү. Кыргыз коому жамааттык иденттүүлүккө негизделген коом болгондуктан капиталисттик баалуулуктар коомго сиңбей жатат. Ошол себептен жамааттык иденттүүлүктүн баалуулуктарын сактоо менен жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруучу мамлекеттик идеология болушу шарт.

## Изилдөө темасы боюнча жазылган макалалар

1. Камчибекова, С.М. Кыргызстандагы качкындарга карата социалдык иштер [Текст] / С. М. Камчибекова, Ж. Темирова // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы №2. - Бишкек, 2009. - 190-193 бб.
2. Камчибекова, С.М. Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык коргоонун негизги багыттары [Текст] / С. М. Камчибекова, Ж. Темирова // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы №2. - Бишкек, 2009. - 248-250 бб.
3. Камчибекова, С.М. Иденттешүүнүн илимий-теориялык мааниси [Текст] / С.М. Камчибекова // Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы №2. - Бишкек, 2015. - 243-247 бб.
4. Камчибекова, С.М. Социалдык иденттешүү социологиянын изилдъъ маселеси катары [Текст] / С. М. Камчибекова, (авторлош) // Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жарчысы №2. - Бишкек, 2015. - 202-207 бб.
5. Камчибекова, С.М. Кыргызстанда жарандык иденттүүлүктүн этностук кээ бир өзгөчөлүктөрү [Текст] / С. М. Камчибекова, (авторлош) // Известия вузов Кыргызстана №1. - Бишкек, 2017. - 216-220-бб.
6. Камчибекова, С.М. Гражданская идентичность и гражданская индифферентность в кыргызском обществе [Текст] / С. М. Камчибекова, (авторлош) //Известия вузов Кыргызстана. - Бишкек, 2017, №1. - 211-215-бб.
7. Камчибекова, С.М. Вопросы формирования общегражданской идентичности у населения южного региона Кыргызской Республики [Текст] / С.М. Камчибекова, А.Р.Жусубалиев //Социальные практики и управление: Материалы Сибирского социологического форума с международным участием. Ответственные редакторы: Ровбель С.В., Ильиных С.А. – Новосибирск, 2017. 27-35-бб.
8. Камчибекова, С.М. Гражданская идентичность в Кыргызстане: некоторые этнические особенности [Текст] / С. М. Камчибекова, // Социальные практики и управление: Материалы Сибирского социологического форума с международным участием. Ответственные редакторы: Ровбель С.В., Ильиных С.А. – Новосибирск, 2017. 40-47-бб.
9. Камчибекова, С.М. Жарандык иденттүүлүк жана мекенчилдик – мамлекеттик –туруктуулуктун негизи [Текст] / С. М. Камчибекова // Известия вузов Кыргызстана №3. - Бишкек, 2020. - 158-163 бб.
10. Камчибекова, С.М. Кыргызстандагы мамлекеттик тил жана иденттүүлүк маселелери [Текст] / С. М. Камчибекова, Исаев К.// Известия вузов Кыргызстана №6. - Бишкек, 2020. – 87-93 бб.
11. Камчибекова С.М. Гражданская идентичность населения Кыргызстана в этническом аспекте [Текст] / С. М. Камчибекова //Бюллетень науки и практики №7. –2021. – 270-276 бб.
12. Камчибекова, С.М. Отношение этнических групп Кыргызстана к общенациональной идентичности «Кыргыз жараны» [Текст] /С.М. Камчибекова // Бюллетень науки и практики №7 – 2021. – 277-284 бб.

**Камчибекова Саипжамал Молдошовнанын 22.00.04 – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына талапкер «Жарандык иденттүүлүктүн абалы жана келечеги: социологиялык өңүттө» деген темадагы диссертациясынын**

# РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:** коом, жаран, жарандык коом, иденттүүлүк, иденттешүү, жарандык иденттүүлүк, мекенчилдик, социалдык маселелер, социалдык институт, социалдашуу, социалдык роль, коомдун өзгөрүшү.

Диссертациялык иш жарандык иденттүүлүктүн азыркы учурдагы абалын жана келечекте өнүгүү маселелерин социологиялык өңүттө талдоого арналган.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси:** жалпы жарандык иденттүүлүк.

**Изилдөөнүн предмети:** Кыргызстандагы түрдүү этностук топтордогу жалпы жарандык иденттүүлүгүнүн абалы.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты:** туруктуу кыргыз мамлекетин курууга, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык идентүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо.

**Диссертациянын методологиялык негизи** катары түзүлүштүк-кызматтык парадигма, иденттүүлүк теориясы, чет элдик жана ата мекендик авторлордун социология, инсан социологиясы, иденттүүлүк жаатындагы эмгектери, социологиялык талдоолорунун методологиясы жана эмпирикалык социологиялык изилдөө усулдары (*массалык сурамжылоо, документтерди талдоо)* боюнча фундаменталдык жана теориялык жетишкендиктери болуп эсептелет.

**Диссертациянын натыйжаларынын илимий жаңылыгы:** Мамлекеттин туруктуулугун камсыз кылуудагы иденттүүлүктүн мааниси, ролу жана социалдык кызматтары жаңыча каралган. Кыргызстанда жашаган негизги этностордун "Кыргыз жараны" иденттүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү багыттары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге, мекенчилдикке болгон көз карашынын багыты биринчи жолу изилденди. Диссертацияда жарандык иденттүүлүктүн пайда болуу жана өнүгүү багыттары изилденип, кыргызстандыктардын жарандык иденттүүлүгүн аныктаган компоненттер: тили, маданияты, мекенчилдик салттары боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү. Ааламдашуу шартында жарандык иденттүүлүктү көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын келечеги үчүн маанилүүлүгү жана керектүүлүгү кеңири изилдөөгө алынган.

**Колдонуу чөйрөсү:** диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык жыйынтыктары жарандык иденттүүлүк концепциясын иштеп чыгууда, жарандык коомду өнүктүрүү тармагында иштеген адистердин ишмердүүлүгүн жүргүзүүдө практикалык колдонмо катары, ошондой эле, жогорку окуу жайларда атайын курс, семинар, лекция катары төмөнкү багыттар боюнча сунушталат: «Жарандык иденттүүлүк изилдөө усулдары», «Жарандык иденттик мамлекеттин туруктуулугунун фактору», «Мекенчилдик жарандык иденттиктин борбордук компоненти».

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Камчибековой Саипжамал Молдошовны на тему: «Состояние и перспективы гражданской идентичности: в социологический аспект» на соискание ученой степени кандидата социологических наук по специальности 22.00.04-Социальная структура, социальные институты и процессы**

**Ключевые слова:** общество, гражданин, гражданское общество, идентичность, идентификация, гражданская идентичность, патриотизм, социальные проблемы, социальный институт, социализация, социальная роль, трансформация общества.

Диссертация посвящена социологическому анализу современного состояния гражданской идентичности и тенденции ее развития.

**Объектом диссертационного исследования** является общая гражданская идентичность.

**Предметом исследования** является состояние гражданской идентичности у разных этносов в Кыргызстане.

**Цель исследования** - научный анализ сущности и состояния гражданской идентичности на примере основных этносов Кыргызстана и выявление этнических различий и их будущих изменений, способствующих построению стабильного кыргызского государства и укреплению межэтнического согласия.

**Методологической основой диссертационного исследования** является структурно-функциональная парадигма, теория идентичности, труды зарубежных и отечественных авторов в области социологии, социология личности, идентичности, методологии социологического анализа и эмпирические социологические методы исследования (массовые опросы, анализ документов и наблюдение).

**Полученные результаты и их новизна:** В диссертации рассмотрены и по новому осмыслены значение, роль и социальные функции идентичности в обеспечении стабильности государства. Выявлены сущность идентичности "Кыргыз жараны" основных этнических групп, проживающих в Кыргызстане, впервые были изучены ее различия в этнических, социально-демографических группах, тенденции, причины, и результаты развития, а также отношения кыргызстанцев к Родине и патриотизму. В диссертации исследуется возникновение и развитие гражданской идентичности и проводится социологический анализ ее компонентов - языка, культуры, патриотических традиций, определяющих гражданскую идентичность кыргызстанцев.Подробно изучены факторы, определяющие гражданскую идентичность кыргызстанцев в условиях глобализации, их роль и значение в укреплении государственности и обеспечении единства населения и будущего Кыргызстана.

**Область применения:** теоретические и практические выводы диссертационного исследования могут быть использованы в качестве практического руководства в разработке концепции гражданской идентичности, в деятельности специалистов, работающих в сфере развития гражданского общества, а также в виде специальных курсов, семинаров, лекций в высшем учебном заведении по следующим направлениям: "Методы исследования гражданской идентичности", "Гражданская идентичность - фактор стабильности государства", "Патриотизм - центральный компонент гражданской идентичности".

## Summary

**of the dissertation on the topic: "The state and prospects of civic identity: in the sociological aspect" of Kamchibekova Saipzhamal Moldoshovna, for the degree of candidate of sociological sciences in the specialty 22.00.04-Social structure, social institutions and processes.**

**Keywords:** society, citizen, civil society, identity, identification, civic identity, patriotism, social problems, social institution, socialization, social role, transformation of society.

The dissertation is devoted to the sociological analysis of the current state of civic identity and trends in its development.

**The object of the dissertation** research is the general civic identity.

**Subject of research:** is the state of civic identity among different ethnic groups in Kyrgyzstan.

**The purpose of the dissertation research:** is a scientific analysis of the essence and state of civic identity on the example of the main ethnic groups of Kyrgyzstan and the identification of ethnic differences and their future changes that contribute to the construction of a stable Kyrgyz state and the strengthening of interethnic harmony.

**The methodological basis of the dissertation** is the structural and functional paradigm, the theory of identity, the works of foreign and domestic authors in the field of sociology, the sociology of personality, identity, the methodology of sociological analysis and empirical sociological research methods (mass polls, document analysis and observation)

**Scientific novelty of the dissertation results:** The dissertation examines and rethinks the meaning, role and social functions of identity in ensuring the stability of the state. The essence of the identity of “Kyrgyz Zharana” of the main ethnic groups living in Kyrgyzstan is revealed, for the first time its differences in ethnic, socio-demographic groups, trends, causes, and results of development, as well as the attitude of the Kyrgyz people to the Motherland and patriotism are analyzed. The dissertation examines the emergence and development of civic identity and provides a sociological analysis of the components that determine the civic identity of Kyrgyzstanis, in particular language, culture, patriotic traditions. The factors that determine the civic identity of Kyrgyzstanis in the context of globalization, their role and importance in strengthening statehood and ensuring the unity of the population and the future of Kyrgyzstan have been studied in detail.

**Scope of application:** theoretical and practical conclusions of the dissertation research can be used as a practical guide in the development of the concept of civic identity, in the activities of specialists working in the field of civil society development, as well as in the form of special courses, seminars, lectures in a higher educational institution in the following areas: "Research methods of civic identity", "Civic identity - a factor of state stability", "Patriotism - the central component of civic identity"/